# Протокол №1

**Кемин районундагы Шабдан Ата атындагы орто мектебинин директорунун алдындагы кеңешмесинин көчүрмөсү**

11.10.2016-жыл.

Катышканы :30

Катышпаган : 4

Себептүү : 4

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

1. 5 – а,б- класстарынын билим сапатын текшерүүнүн жыйынтыгы.
2. Китепканачынын билдирүүсү.
   Окуучулардын китеп менен камсыз болушу.
3. Журнал, күндөлүк текшерүүнүн жыйынтыгы.
   Бир айлык тарбия иштеринин аткарылышы.
   Манас жаштарынын уюмунун иштери жана максаттары.
4. Мугалимдерди аттестациядан өткөрүү жөнүндө комиссиянын курамынын билдирүүсү.

Кенешменин жүрүшү:

Мектептин директору кеңешмени ачып, каралуучу маселе менен тааныштырды.

Биринчи маселе боюнча окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Сулайманова Г.О сөз берилди:

Угулду : 5-10-сентябрь айында 5-а, 5-б- класстарда кыргыз тилинен , орус тилинен, математикадан жазуу иштери алынып анализ жүргүзүлдү: Маалымдама тиркелет.

Сунуш : 1) жетишпеген окуучулар менен жекече иштөө зарыл.

2) Жат жазууларды убагында бат-бат жазуу керек .

3)Одоно каталардын үстүндө кошумча сабак аркалуу иш жүргузүү.

Жарыш сөз: Оторбаева Г 2-3-4- класстарда жетишпеген окуучулар.

5-класста деле ошол бойдон калган. Эч кандай өзгөрүү жок. Теңдеме чыгаргандан , көп орундуусандар менен болгон амалдардан кыйналат.

Улам жогорулаган сайын программа оор болот. Жетишпеген окуучулар кантип жетишишет.

Башталгыч класста алып калып окуутуну колго алыш керек.

Сулайманова Г.Б – кол жазмалары эң начар

Окишева Г.И – кол жазмалары начар, жөнөкой көнүгүүлөрдү чыгара албайт. Текшерүү иш женил түзүлүп калды окшойт “2” деген баа болгон жок

Оторбаева Г – апрель айында билим сапатын текшерүүдө жетишпей калган окуучу болсо 5-класска берген предметтик мугалимдер жооп бересиңер.

Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме токтом кылат.

Токтом

1. Окуучулардын билим сапатын көтөрүү үчүн жазуу иштерди, тесттерди алып анализ чыгаруу жана жетишпеген окуучулар менен кошумча сабак өтүү жагы бардык мугалимдерге милдеттендирилсин.
2. Кол жазмаларына көңүл буруу жагы тилчи жана башталгыч класстын мугалимдерине жүктөлсүн .
3. Токтомдун аткарылышынын көзөмөлдөө Сулаймановага жүктөлсүн

Экинчи маселе боюнча китепканачы Бозумова И билдирүү жасады:
Китепканада жалпы китептердин саны 10808
Адабий китептер – 3732
Окуу китептер – 7076
Таратылган китептердин саны – 3884
Билим берүү министерствосунан келген китептин саны – 313
Жетпеген китептердин саны – 691
Таратылган китептердин маалымиаты тиркелет.
Сунуш : 1.Китептерди окуучулар сырттабай жатат. Класс жетекчилер көзөмөлдөсө.
2.Текшерип күнүгө расписание менен китебин алып келуусүн көзөмөлдөсө.
Жарыш сөз: Оторбаева Г – 2016 – 2017- окуу жылына карата сунушталган китептер боюнча таратылдыбы?
Себеби ар бир усулдук бирикмеде сунушталган китеп боюнча программа боюнча план түзүүну карагансыңар . Жетишпеген китеп боюнча камкорчулар кеңеши кайрылуу жазалы.
Эшимканов А – химия китеби 10 – кл такыр жок . интернеттен алып окуп жатат.
Жогрудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме чечим кылат

Чечим:

1. Окуу китептерини сакталышына көзөмол жүргузү класс жетекчилерге , предметтик мугалимдерге милдеттендирилсин.
2. Камкорчулар кеңешинен 10-а кл химия китебин, 11-б кл тарых китептери алып берүү суралсын.
3. Библиотекарь “Маеас жаштар уюму” менен биргеликте эки айда бир жолу китептердин абалын текшерип жыйынтыгын жазалык.
4. Уюмдун аткарылышын көзөмөлдө Абышева М жүктөлсүн.

Каралуучу 3- маселеге Сулайманова Г.О төмөнкүлөрдү билдирди:
Угулду : Журналдарды текшерсек төмөндөгүдөй жыйынтыкка келдик. Маалымдама тиркелет.
Сунуш : 1.Журнал өз убагында жак , конструкциясы менен толтурулсун.
2.Ар бир жаш мугаилм насаатчысы толтуруусу зарыл.
3.Аткарылышын ар бир класс жетекчиге, предметтик мугалимге журналдын эскертүү жагына кол коюп көрсөтүүсү зарыл.
4.Кетирилген кемчиликтер тез арада жоюлсун.
Жарыш сөзгө чыккандар:

Оторбаева Г – Башталгыч класстын мугалимдери физкультура сабагын өзүбүз беребиз деп алдыңар план программа менен иштегиле Дене тарбияга даярдыгынын көрсөткүчтөрүн толтуруу керек . физкультура сабагын расписание боюнча өткүлө .
Башка сабактарды өтө бересиңер. Журнал негизги документ , иштеген ишиңер журналдан билинет. Абдыразакова Н журналдан көп ката кетирет.
Сунуш : 1.Класстык сааттар журналга өз убагында толтурулсун.
2.Тарбия сааттын план конспектилерине өз убагында кол койдурулсун.
3.Класстын тазалыгын көзөмөлдөө класс жетекчилерге милдетттендирилсин.
Г.М Оторбаева "Бир ай өттү класстык бурчтар бүтпөгөн класстар 5-а, 6-б, 7-а –кл.
Эмне себептен бүтпөй жатат.
Таза эмес клаастар 5-а, 8-б. Эскертүү берилсин.
Кузгү кечени 11-а кл өткорсун . эч кандай акча чогултуу болбосун. Окуучулар арасында акча чогултулбасын.

Жогрудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме чечим кылат

Чечим:

1.Класстык сааттын план конспектилери өз убагы менен толтурулуп, кол коюлсун.
2.Таза эмес деген класстарга эскертуу берилсин.
3.Манас жаштар уюму менен бирдикте тарбия завуч бир айда бир жолу клаастын тазалыгын текшергиле.
4.Журналдын толтурулушу инструкция менен толтуруу , ошондой эле жазуу иштеринин баалары өз убагында коюу жана ар бир класс жетекчиге милдеттендирилсин.
5.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Г Сулаймановага , М.Абышовага милдеттендирилсин.

4-маселе боюнча мугалимдерди аттестациялоо жөнүндөгу жобону комиссиянын курамынын жетекчиге Г.Сулаймановага билдирүү жасады.

Чечим кабыл алынды

Чечим:

1. Аттестациядан өтүүчү мугалимдер үч күндун ичинде арыз эжазып кайрылсын.

**Мектеп директору: ____________ Г.М.Оторбаева**
**Катчы : ____________ Ж.С.Канкулиева**

# Протокол №2

**Кемин районундагы Шабдан Ата атындагы орто мектебинин директорунун алдындагы кеңешмесинин көчүрмөсү** 20.12.2016-жыл.

Катышканы :34

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

1. Кыргыз тил сабагынын берилишинин жыйынтыгы.
2. Мектеп ичинде предметтик олимпиаданын жыйынтыгы.
3. 9-а,б-кл жалпы окуу-тарбия тиштеринин аткарылышы,жыйынтыгы.

Кеңешменин жүрүшү:

Мектептин директору кеңешмени ачып, каралуучу маселе менен тааныштырды.

Биринчи маселе боюнча усулдук кеңештин жетекчиси Тентимишова Г.А сөз берилди.

Угулду : "Жалды окуу пландын негизинде23.11-29.11 кыргыз тили жана адабияты сабагынын берилиши текшерилди. Маалымдама тиркелет.

Сунуш : кыргыз тил жана адабияттан берген мугалимдерсабактын берилишин жандандырып , көрсөтмөлүү кылып өтүүсүн сунуштайм.

Жарыш сөзгө: Оторбаева – текшерүү мезгелинде бардык сабактарына катыштым.

Тентимишова Г – кыргыз тилчи мугалимдер жаштар өздөрү менен деле суйлөшкөм. Ч. Айтматовдун 89-жылдыгына карата жылдагыдан башкача чыгармачылык менен өткуло десем, аткарган жоксунар. Мурдагы эле шаблон менен өттүңөр.

Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме чечим кылат

Чечим:

1. Кыргыз тилчи мугалимдер сабактын берилишин жандандырып , көрсотмөлүү кылып өткүлө.
2. Усулдук бирикмени жетекчиси Тилебпбергенова К УБны жандандырып жандандыруу милдеттендирилсин.
3. Окуучулардын шыгына карата көркөм окууга үйрөтүү жагы колго алынсын.

Каралуучу экинчи маселе боюнча окуу – тарбия иштери боюнча директордун орун басары Сулайманова Г.О сөз берилди . маалымдама тиркелет.

Сунуш :

1. Олимпиаданын материалдарын жогорку денгээлде түзүү.
2. Жыйынтыгын туура баалоо.
3. Биринчи орунга ээ болгон окуучуларды райондук олимпиадага даярдоо.

Жарыш сөздөр:

Кармышева А – Быйылкы олимпиадада системаны башкача түзүп алдык эле окуучулар кадимкидей сезишти

Оторбаева Г – Мектептен 1-орунду алган окуучуларды предметтик мугалимдерди даярдагыла . райондук олимпиадада жакшы жыйынтык болсун.
Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме чечим кылат

Чечим:

1. Олимпиаданын материалдары жогорку денгээлде даярдап, жыйынтыкты көтөрбөй туура баалоо.
2. Мектепте 1-орун алган окуучуларды райондук олимпиадага даярдоо.
   Каралуучу үчүнчү маселе боюнча түзүлгөн комиссиянын мүчөлөрүнө сөз берилди:
   9-а, 9-б кл жалпы окуу тарбия иштерин текшерүүнүн жыйынтыгы.
   9-а кл караганда 9-б кл билим сапаты өйдөрөөк экени билинди.
   Жарыш сөз :
   Оторбаева Г -9-а,б кл боюнча текшерүүдө комиссия мүчөлөрү жаш мугалимдерге көбүрөөк сын айтылып жатат .
   Ошондуктан жаштар өзүңөр көп окуп , даярданыш керек.

   Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме чечим кылат

Чечим:

1. 9-а, 9-б кл мамлекеттик экзамен беришет. Ар бир передметтик мугалим окуучулардын билим сапатын жогоруулатууну колго алсын.
2. Окуучулардын тартибине көбүрөөк к4өңүл буруп жана жума сайын күндөлүктөрүн текшерилсин.
3. Насаатчы мугалимдер жаш мугалимдерге жардам берип жана жаш мугалимдер тажрыйбаалу мугалимдердин сабагына катышышсын.

**Мектеп директору: Г.М.Оторбаева**

**Катчы : Ж.С.Канкулиева**

## Протокол №3

## Кемин районундагы Шабдан Ата атындагы орто мектебинин директорунун алдындагы кеңешмесинин көчүрмөсү

21.02.2017-жыл.

Катышканы :33

Катышпаган : 3

Себептүү : 3

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

1. Класстан тышкары жана класстагы тарбиялык иштин абалы боюнча директордун тарбиялык иштери боюнча орун басарынын отчету.
2. Сүрөт , музыка сабагынын берилиши .
3. 9-11-кл математика ,физика , химия, биология , кыргыз тил , орус тил предметтери боюнча билим сапатын тест түрүндө текшерүүнүн жыйынтыгы.
4. КР билим берүү мекемелеринде окуучуларды зомбулуктан коргоо боюнча Усулдук нускама кат.

Кеңешменин жүрүшү:

Мектептин директору кеңешмени ачып, каралуучу маселе менен тааныштырды.
Биринчи маселе боюнча Абышова М сөз берилди.:
Маалымдама окулат, тиркелет.
Жарыш сөзгө :
Оторбаева Г – Ыр , бий кружогу жана класстан тышкаркы иш экөө 1 ставканы түзөт.
Кучкаева Г Сары өзөн чолпондору конкурсуна таланттууларды чыгаруу керек.
Сулайманова Г – класстан тышкаркы иштердин графиги илинип турат. Ошол боюнча Кучкачева өтүп жатат. Айдаралиев болсо кээде балдар өздөрү келет, келбей дагы калып жатты. Көрсөткуч болгон жок.
Бейшенбаев А – Балдар арасында көп эле иштер жүргүзүлүп жатат.
Оторбаева Г- Чачыңды кыскартып кел деп эскерткиле. Кайчы менен кырккан болбойт. Кыздар арасында дагы көзүн боеп , оозун боеп келген кыздар болуп жатат. Түшүндүрү иштерин жүргүзгүлө.
Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1. Кружоктун класстан тышкаркы иш график боюнча өтүлүп таланттуу окуучуларды чыгаруу жагы Айдаралиев Т жана Кучкачева Г милдеттендирилсин.
2. Окуучулар арасында кезиккен терс көрүнүштөрдү алдын алуу үчүн түшүндүрү иштерин жүргүзү.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Абышева М милдеттендирилсин.

Каралуучу экинчи маселе боюнча :
Усулдук кеңештин жетекчиси Тентимишевага сөз берилди:

Маалымдама окулат, тиркелет.

Сунуш :

1. Мугалим изденүү менен иштеп таланттуу балдар менен иштеп жекече иштөөсүн сунуштайм.
2. Таланттуу окуучулар тобун түзүп, шоу концерт уюштурусун сунуш кылам.
   Сүрөт , музыка боюнча секциянын жетекчиси Карагулова А сөз берилди:
   Маалымдама тиркелет.
   Сунуш :
   1. сабактуу жандуу , кызыктуу өтүү.
   2. Окуучулардын өз ара бири – бирине жардам берүүсү.
   3. Башталгыч клаастарда ар дайым расписание менен өтүү.

Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме чечим кылат.

Чечим::

1. Сүрөт жана музыка мугалимдерине изденүү менен иштеп таланттуу жана шыктуу балдар менен иштөө милдеттендирилсин.
2. Башталгыч класстын мугалимдери сүрөт , эмгек , физ-ра сабактарын өз убагында өтүү жагы колго алынсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Г.О. Сулаймановага милдеттендирилсин.

Каралуучу үчүнчү маселе боюнча окуу тарбия иштери боюнча директорунун орун басары Г.О.Сулаймановага берилди.

Маалымдама окулат,тиркелет.

Сунуш :

1. Жетишпеген окуучулар менен жекече иштөө.
2. 11-б кл химия сабагынан жетишүүсүн жогорулату.
3. Тесттик материалдарды жогорулатуу.

Жарыш сөздөр:

Оторбаева Г.М – берилген маалымат боюнча Жамгырчиева жетишүү төмөн болуп жатат.

Тест алууда мугалимдер кыдырып карап бири- бирине көчүруп албоосуна жол бербөөсу керек.

Жогорудагы талкуу сунушта рдын негизинде кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1. Баардык мугалимдерге окуучуларды тест менен иштөөгө машыктырууну колго алсын.
2. Тесттин материалдары түзүү алты вариантта түзүлсүн .
3. Жетишпеген окуучулар иштөө милдеттендирилсин.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Г.О . Сулаймановага жүктөлсүн.

Каралуучу 4-маселе :

КР билим берүү мекемелеринде окуучуларды зомбулуктан коргоо боюнча усулдук – нускама катты Абыева М окууду.

Оторбаева Г – Педагогикалык этиканы сакташ керек.

Мектепте тамеки чегүү , алькогол ичимдик ичүү болбосун.

Бозумов С – Катты укпадыкпы ошондо айтылгандарды эле аткаралы.

Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме чечим кылат.

Чечим:

1. КР билим берүү мекемелеринде окуучуларды зомбулуктан коргоо боюнча усулдук – нускама катткөрсөтүлгөндөрдү так аткаруу мектеп жааматына милдеттендирилсин.
2. Мектеп ичинде нөмөтчү администратор жана мугалимдер өз и штерин так аткарсын жана милдеттендирилсин.

**Мектеп директору:** **Г.М.Оторбаева**

**Катчы :** **Ж.С.Канкулиева**

# Протокол №4

## Кемин районундагы Шабдан Ата атындагы орто мектебинин директорунун алдындагы кеңешмесинин көчүрмөсү:

30.04.2017-жыл.

Катышканы :35

Катышпаган : 1

Себептүү : 1

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

1. Мамлекеттик окуу программасынын аткарылышы. Мамлекеттик сыноого даярдык.
2. Окуу кабинеттерин жабдуу жана жасалгалоонун жыйынтыгы.
3. 4- классында кыргыз тил, орус тил, математика сабагынан экинчи билим баскычынына даярдыгынын жана өздөштүүрусун текшерүүнүн жыйынтыгы.

Кеңешменин жүрүшү:

Мектептин директору кеңешмени ачып, каралуучу маселе менен тааныштырды.

Биринчи маселе боюнча окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Сулайманова Г.О сөз берилди:

2016-2017- окуу жылынын мамлекеттик программасын аткарылышы боюнча чейрек сайын текшерилип жүрдү.

Мугалимдер жетпеген сааттарын кошумча сабак өтүү менен кошумчалап толуктап жүрүштү.

Мамлекеттик программа аткарылды.

Маалымдама тиркелет.

Жарыш сөздөр:

Оторбаева Г – Кошумча сабак өткүлө десе кээ бир мугалимдер туура түшүну менен аткарат.

Кээ бириңер туура эмес кабыл аласыңар.

Майрам күндөр көп болуп, кошумча өтконгө туура келип жатат.

Канкулиева Ж – Мен дагы 6- кл кыргыз тилден 4 саат жетпей.калдым. мындан ары эсте болот. Эртерээк анализдеп аракет кылабыз.

Сунуш :

Предметтик мугалимдер Кудайкуова С, Канкулиева Ж мамлекеттик программаны толук аткарыш үчүн сааттардын санын өз убагында анализдеп, жыйынтыктап турушуна өзгөчо көнүл бурулсун.

Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме токтом кылат.

Чечим

1. Окуу программанын аткарылышын колго алуу , аткаруу ар бир мугалимге милдеттендирилсин.
2. Окуу программага 3, 4 сааттан жетпей калган Кудайкулова С, Канкулиева Ж эскертүү берилсин.
3. Окуу программанын аткарылышын ар бир чейрек сайын анализдеп жыйынтык чыгаруу окуу тарбия завучу Сулаймановага жүктөлсүн.

Каралуучу 2-маселе боюнча профсоюз уюмунун жетекчиси Акматкановага сөз берилди:

Угулду : 2016-2017- окуу жылында "Бирге окуйбуз " долбоору менен иштеп башталгыч класстар китепчелерди жасашты. Дидактикалык колдонмолор жасалды.

Экинчи этаждагы математика кабинети жасалды деген бирок жасалган жок.жалпысын кабинеттер талапка жооп берет.

Сунуш : дидактикалык колдонмолорду ар бир кабинетке толукташ керек.

Сулайманова Г – Окуучуларга көрсөтмөлүү сабак өткөн жакшы түшүнүп ошол мугалимди жактырат.

Ошондуктан колдоно турган материалдарды көп жасоо керек.

Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме токтом кылат.

Чечим

1. Ар бир предметтик мугалимге дидактикалык материалдарды колдонуу милдеттендирилсин.
2. 2017-2018-окуу жылында сабактарды интерактивдүү доска , слайд менен өтүү колго алынсын.
3. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдө профсоюзга жүктөлсүн.

Каралуучу 3-маселе боюнча текшерүү комиссиянын мүчөлөрүнө сөз берилди :

Ар бир маалымдама окуулат,тиркелет.

Сунуштар :

1. Жетишпеген окуучулар иш алып баруу.
2. Одоно каталардын үстүнөн иштөө .
3. Башталгыч класстын мугалимдерине окуучулардын кол жазмасына көңүл буруусу.

Жарыш сөздөр:

Оторбаева – Б ашталгы клааста билимди жакшы бербесеңер жогорку кыласта кыйналат. Бааны көтөрбөй койгула.

Билим сапаты 60% берип жатат.

Абышева М – Башталгыч класста кол жазмасына көңүл бурсаңар.

Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме токтом кылат.

Чечим:

1. 4-класс 2-тепкичке окууга 4 окуучудан башкасы даяр , 4 окуу чу менен жекече иш алып баруу 6- июнга чейин Жумалиевага жүктөлсүн.
2. Башталгыч классынын мугалимдери туура баалоону колго алсын.
3. Балдардын кол жазмасын оңдоого бардык мугалимдер милдеттендирилсин.
4. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө Сулаймановага жүктөлсүн.

**Мектеп директору: __________ Г.М.Оторбаева**

**Катчы : ________ Ж.С.Канкулиева**